Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги

Социалдык өнүктүрүү органдары жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткан жарандарга социалдык жардам көрсөтүү боюнча

# УСУЛДУК ОКУУ КУРАЛЫ

(зомбулуктан жабыр тарткан аялдар жана кыздар үчүн базалык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтому)

Бул басылмадагы ой-пикирлер Бириккен Улуттар Уюмунун Калкты жайгаштыруу фондунун көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбайт. Колдонулган белгилөөлөр тигил же бул өлкөнүн, аймактын же райондун, же алардын чек араларынын укуктук макамына тиешелүү кандайдыр бир ой-пикирлерди билдирбейт.

Социалдык өнүктүрүү органдары жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктардан жабыр тарткан жарандарга социалдык жардам көрсөтүү боюнча усулдук окуу куралы.

Бул усулдук окуу куралы аялдарга карата зомбулук менен күрөшүү боюнча чаралардын комплексин ишке ашыруу максатында, БУУнун агенттиктери тарабынан иштелип чыккан үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктардан жабыр тарткан аялдар жана кыздар үчүн базалык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомун сунуш кылуу боюнча стандарттык операциондук процедураларды камтыйт.

Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн сырткары, базалык топтом медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү, сот адилеттиги жана укук тартибин сактоо чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктардын алдын алууну жана аларга сапаттуу таасир этүүнү баары биргелешип камсыз кылышкан мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын өз ара аракеттенишүү чөйрөсүндөгү чараларды камтыйт.

Окуу куралы Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги жана «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» КФ тарабынан Кризистик борборлордун ассоциациясынын жана «Шанс-КБ» зомбулукка кабылган аялдар үчүн кризистик борборунун катышуусунда, Кыргызстандагы БУУнун Калкты жайгаштыруу фондунун долбоорунун алкагында Улуу Британиянын Өкмөтүнүн каржылык колдоосунун астында даярдалды. Бул окуу куралынын мазмуну Улуу Британиянын Өкмөтүнүн расмий көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК
ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ТРУДА И СОЦИАЛЬНОГО РАЗВИТИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

3-февраль 2021 № 10

Бишкек шаары

**Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткандарга социалдык өнүктүрүү органдарынын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдарынын социалдык жардам берүү боюнча Методикалык жетекчиликти бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндө" Кодексине, "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы № 390 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык, министрликтин аймактык органдары тарабынан үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү маселелерин жөнгө салуу максатында, **буйрук кылам:**

1.Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткандарга социалдык жардам берүү жөнүндө Методикалык жетекчилик ушул буйруктун тиркемесине ылайык бекитилсин.

2. Райондук, райондор аралык жана шаардык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын жетекчилери, үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен иштөөдө ушул буйруктун тиркемесине ылайык Методикалык жетекчиликти практикалык жетекчиликке алсын.

3. Методикалык жетекчиликке ылайык, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр шаардык, райондук жана райондор аралык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыктардын кызматкерлери үчүн квалификациясын жогорулатуу боюнча окутуу жүргүзүлсүн (макулдашуу боюнча).

4. Документтик камсыз кылуу жана административдик колдоо бөлүмү ушул буйрукту аткаруучуларга жеткирсин.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары У.Э. Маматкановго жүктөлсүн.

**Об утверждении Методического руководства по оказанию социальной помощи лицам, пострадавшим от семейного и гендерного насилия, органами социального развития и уполномоченным органом по защите детей**

В целях регулирования вопросов оказания помощи лицам, пострадавшим от семейного и гендерного насилия, территориальными подразделениями Министерства в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики «О детях», Законом Кыргызской Республики «Об охране и защите от семейного насилия», постановлением Правительства Кыргызской Республики «О порядке осуществления охраны и защиты от семейного насилия» от 1 августа 2019 года № 390, **приказываю**:

1. Утвердить Методическое руководство по оказанию социальной помощи лицам, пострадавшим от семейного и гендерного насилия, органами социального развития и уполномоченным органом по защите детей, согласно приложению к настоящему приказу.
2. Руководителям городских, районных и межрайонных управлений труда и социального развития, при работе с лицами, пострадавшими от семейного и гендерного насилия принять Методическое руководство к практическому руководству.
3. Партнерам по развитию в соответствии с Методическим руководством провести обучение для сотрудников городских, районных и межрайонных управлений труда и социального развития (по согласованию).
4. Отделу документационного обеспечения и административной поддержки довести настоящий приказ до исполнителей.
5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Маматканова У.Э. – заместителя министра.

**И.о. министра** **А.К.Солтонбекова**

# Мазмуну

**1. Киришүү........................................................................................................6**

**2. Окуу куралынын максаты жана колдонуу чөйрөсү...........................................7**

**3. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ченемдик актылар……………………………………………………………………………………………………..........8**

3.1. Мыйзамдар.......................................................................................................8
3.2. Ведомстволук актылар.......................................................................................11
3.3. Өзүн өзү текшерүү үчүн суроолор.......................................................................13

**4. Зомбулуктан жабыр тарткан аялдарга жана кыздарга социалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарттары..................................................................................13**

4.1. Базалык социалдык кызмат көрсөтүүлөр...............................................................14
4.2. Стандарттык операциондук процедуралар..............................................................20
4.3. Сурамжылоо жана муктаждыктарды баалоо...........................................................26
4.4. Социалдык жардам көрсөтүү..............................................................................29
- Зомбулуктан жабыр тарткан балдар менен сүйлөшүүнүн өзгөчөлүктөрү...........32
- Майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнүн өзгөчөлүктөрү………………………..34
- Басмырлоонун жана зомбулуктун кайчылаш формаларына кабылган аялдар менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү.....................................................................37

4.5. Багыттоо.........................................................................................................40
4.6. Отчеттуулук.....................................................................................................41
4.7. Баалоо жана тобокелчиликтерди башкаруу..........................................................42
4.8. Координациялоо жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүү..............42
4.9. Өзүн өзү текшерүү үчүн суроолор.......................................................................44

Адабияттардын тизмеси.........................................................................................46

# 1. Киришүү

Кыргыз Республикасында аялдарга жана балдарга карата зомбулук, алардын ден соолуктары жана өмүрлөрү үчүн коркунучтарды пайда кылган курч социалдык көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет. Акыркы 20 жылдын ичинде гендердик зомбулуктун үй-бүлөлүк зомбулук, өспүрүм курагындагы никелер, аялдарды никеге туруу үчүн уурдоо, көп аялдуулук жана сексуалдык зомбулук сыяктуу формалары дээрлик бардык жерде жайылды.

Социалдык өнүктүрүү органдарынын кызматкерлери Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамына ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан социалдык коргоо жана сактоо чөйрөсүндөгү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана жардамдарды көрсөтүүгө жооптуу болуп саналышат.

Кыргызстанда зомбулуктун гендердик негиздеги (жыныстык белгиси боюнча) көбүрөөк жайылган түрү үй-бүлөлүк зомбулук болуп саналат. Алсак, 2020-жылдын 10 айынын ичинде Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин (мындан ары КРнын ИИМи) ведомстволук аналитикалык отчетунун көрсөткүчтөрү боюнча, Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде үй-бүлөлүк зомбулук боюнча 7669 (6701) фактылар катталган (өткөн жылдагы ушул мезгил аралыгы менен салыштыруу боюнча), тактап айтканда өсүү +968 (же +12,6%) түздү. Үй-бүлөлүк зомбулуктун айыпкерлерине 7367 (5607) убактылуу коргоо ордерлери берилген, алардын ичинен эркек адамдарга — 6760, же 91,3% түзөт. Сотко чейинки өндүрүш Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине ылайык, үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу кылмыштар жөнүндө 305 иш боюнча жүргүзүлүүдө.


2020-жылы COVID-19 пандемиясына байланыштуу зарыл карантиндик чаралардын, өзгөчө кырдаалдар режиминин жана коменданттык сааттын шартында кырдаал начарлап кеткен (жабыр тарткан жарандар үй-бүлөлүк зомбулук болуп жаткан жерди таштап кете алышпаган учурда), КРнын ИИМнин массалык маалымат каражаттарына берген көрсөткүчтөрү боюнча, 2020-жылдын январь-март айларында үй-бүлөлүк зомбулук окуяларынын саны 65% өстү. Мындан сырткары, жабыр тарткан аялдардын социалдык жардамдардын ар кандай түрлөрүнө карата муктаждыктары жана керектөөлөрү көп эсеге өстү. Мына ушул жана башка факторлор жардам жана колдоо көрсөтүүнүн бардык башка түрлөрү менен катар — социалдык жардамдардын маанилүүлүгүн жана зарылдыгын аныктайт, — үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү социалдык өнүктүрүү органдарынын кызматкерлерин максаттуу окутуу жана квалификацияларын жогорулатуу суроолоруна өзгөчө актуалдуулук берет.

Бул окуу куралы бул багыттагы ишмердүүлүктү зарыл усулдук материалдар менен камсыз кылууга арналган, мында социалдык өнүктүрүү органдарынын

жана үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын ишмердүүлүктөрүнүн басмырлоонун кайчылаш формаларына кабылган аялдарга жардам көрсөтүүдөгү өзгөчө ыкмаларды эске алган тиешелүү укуктук жана уюштуруучулук негиздери кыска жана сыйымдуу формада берилди.

Бул Усулдук окуу куралын түзүү Кыргызстандагы БУУнун Калкты жайгаштыруу фондунун, «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» КФнын жардамынын, Кризистик борборлордун ассоциациясынын жана «Шанс» зомбулукка кабылган аялдар үчүн кризистик борборунун катышуусунун негизинде мүмкүн болду.

# 2. Окуу куралынын максаты жана колдонуу чөйрөсү




Бул усулдук окуу куралынын максаты, социалдык өнүктүрүү органдарын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органды үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аялдарга жана кыздарга социалдык жардам көрсөтүү боюнча ишмердүүлүктү кантип алып баруу керектиги жөнүндө сунуштамалар менен камсыз кылуу болуп эсептелет. Бул сунуштамалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ведомстволук актыларына негизделген, ошондой эле гендердик зомбулуктардан жабыр тарткан аялдарга жана кыздарга жардам көрсөтүүнүн эл аралык стандарттарын камтышат.

Усулдук окуу куралында ошондой эле, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүүнүн алгоритми, ошондой эле социалдык өнүктүрүү органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенишүүсүнүн тартиби каралат.

Бул окуу куралы социалдык өнүктүрүү органдарынын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлери үчүн арналган, ошондой эле үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөткөн уюмдарга жана кызыкдар жарандарга пайдалуу болушу мүмкүн.

# 3. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ченемдик актылар



## 3.1 Мыйзамдар

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги (мындан нары — ЭСӨМ) эмгек, ишке орноштурууга көмөктөшүү жана калкты социалдык жактан коргоо чөйрөлөрүндөгү мамлекеттик саясатты аткаруу менен катар эле, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо, ошондой эле гендердик өнүктүрүү чөйрөсү боюнча ыйгарым укуктарды ишке ашырат. ЭСӨМгө ошондой эле, өздөрүнүн компетенцияларынын чектеринде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган мамлекеттик органдардын жана башка субьекттердин ишмердүүлүктөрүн координациялоону камсыз кылуу милдети жүктөлгөн. [1]

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ишмердүүлүктүн укуктук негиздери **Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамында** көрсөтүлгөн, 2017-жыл, 27-апрель, № 63 [2] (мындан нары — Мыйзам).
Мыйзам үй-бүлөлүк зомбулукту «үй-бүлө мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын башка үй-бүлө мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга карата дене-бойлук, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайылап жасаган аракеттери же алардын коркунучу, ошондой эле этибарсыз мамилеси» катары аныктайт. [3]

**Мыйзам тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырууда жетектөөчү принциптер төмөнкүлөр болушу керек деп бекитилген:**

1. адам укуктары жана гендердик теңчилик жаатындагы мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын сакталышы;

[1] Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги жөнүндө Жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы № 653 Токтому менен бекитилген.
[2] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111570 шилтемеси боюнча жеткиликтүү.
[3] Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 11-бер., 27-апрель, 2017-жыл, №63.

2. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун жеткиликтүүлүгүнүн теңчилиги;
3. адам укуктарын жана эркиндиктерин басмырлоочу жана үй-бүлөлүк зомбулукка өбөлгө түзүүчү элдик каада-салттарга жана үрп-адаттарга жол бербөө;
4. үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн жоопкерчилик;
5. алдын алууга багытталгандык;
6. мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандардын үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо укуктарынын сакталышына жоопкерчилиги;
7. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого коомчулуктун катышуусу;
8. өндүрүштө жазык иши же жоруктар жөнүндө иш бар экенине карабастан, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону көрсөтүү. [4]

**Социалдык өнүктүрүү органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субьекттердин чөйрөсүнө кирет [5] (6-бер.). Алардын ыйгарым укуктары төмөнкүдөй аныкталган:**

***Социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган:*** [6]

1. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана социалдык коргоо боюнча социалдык өнүктүрүү органдарынын ишин уюштурат;
2. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө, анын ичинде мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мекемелердин социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү берүүсү жана аларды берүүнүн тартиби боюнча минималдуу стандарттардын сакталышы боюнча социалдык өнүктүрүү органдарынын ишине мониторингди жүзөгө ашырат;
3. социалдык өнүктүрүү органдарынын жана мекемелеринин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана социалдык коргоо чөйрөсүндөгү иштерин координациялайт;
4. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча социалдык өнүктүрүүнүн аймактык органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жана консультациялык жардам берүүнү камсыз кылат;
5. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана социалдык коргоо маселелери боюнча социалдык кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик жана муниципалдык социалдык кызматтарды уюштурууну жана өнүктүрүүнү камсыз кылат;
6. социалдык кызматкерлердин жана социалдык өнүктүрүү органдарынын кызматкерлеринин үй-бүлөлүк зомбулуктарды айкындоо, алардын алдын

[4] Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-бер., 27-апрель, 2017-жыл, №63.

[5] Ошол жерде, 6-бер.10-пункту.

[6] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн учурдагы курамына ылайык – Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги (мындан ары - ЭСӨМ).

алуу жана алардан коргоо боюнча квалификациясын жогорулатуу боюнча программаларды уюштурат;
7. үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча оңдоп-түзөөчү программаларды иштеп чыгууга катышат жана аларды киргизүү боюнча социалдык өнүктүрүүнүн аймактык органдарына көмөк көрсөтөт;
8. социалдык өнүктүрүү органдарынын үй-бүлөлүк зомбулук учурларын айкындоосунун, каттоосунун жана эсепке алуусунун тартибин аныктайт;
9. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен өз ара аракеттенет;
10. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча өзүнүн иши жөнүндө ар жылдык отчетту, ошондой эле маалыматты ыйгарым укуктуу органга берет;
11. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү социалдык өнүктүрүү органдарынын иши жөнүндө статистикалык жана башка маалыматтарды, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча социалдык кызматтарды көрсөтүүчү социалдык кызматтар жөнүндө маалыматтарды, кызмат көрсөтүүлөрдүн минималдуу стандарттарын жана аларды берүүнүн тартибин өзүнүн сайтына жайгаштырат.

***Социалдык өнүктүрүү органдары:***

1. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана социалдык коргоо чөйрөсүндө социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтөт;
2. үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын макулдугу менен, үй-бүлөлүк зомбулуктун айкындалган фактылары жөнүндө ички иштер органдарына жыйырма төрт сааттын ичинде кабарлайт. Жашы жете элек өспүрүмдөргө жана/ же аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук жасалган учурларда жабыр тарткан адамдардын макулдугу талап кылынбайт;
3. үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана жардамга муктаждыгына мониторингди жана талдоону жүргүзөт;
4. үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча оңдоп-түзөөчү программаларды ишке ашырат;
5. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө маалыматтык жана агартуучулук ишти жүзөгө ашырат;
6. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттер менен өз ара аракеттенет;
7. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иштер жөнүндө социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга отчётторду берет;
8. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча өз компетенциясынын чектеринде башка иштерди жүзөгө ашырат.

[7] Социалдык өнүктүрүү органдары жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органы тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө Нускама ЭСӨМдүн 2020-жылдын 16-декабрындагы № 142 буйругу менен бекитилген.

## 3.2 Ведомстволук актылар

Социалдык өнүктүрүү органдарынын жогоруда белгиленген милдеттерин натыйжалуу ишке ашыруу максатында, социалдык жардамдарды көрсөтүүнүн тартиби боюнча так түшүндүрмөлөргө ээ болуу зарыл. Бул милдетти **«Социалдык өнүктүрүү органдары жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө Нускама» (мындан ары — Нускама)** чечет. [7]

Бул Нускама Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө» 2019-жылдын 1-августундагы № 390[8] Токтомуна ылайык иштелип чыкты. Бул Токтомдо бекитилген:

- Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартиби, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү тартиби;
- ошондой эле Типтүү оңдоп-түзөө программасы.[9]
- Нускамада Мыйзамга ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга кийинкидей аныктама берилген: үй-бүлөлүк зомбулуктун жабыр тартуучу — үй-бүлө мүчөлөрү же үй-бүлө мүчөсүнө ага теңештирилген, аларга карата үй-бүлөлүк зомбулук жасалган адам, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукка күбө болгон жашы жете элек адам.

**Нускамада бекитилген:**

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүүнүн принциптери;
- үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалымат алуунун тартиби жана мамлекеттик органдардын аймактык бөлүнүштөрү жана уюмдар менен өз ара аракеттенишүү;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардан арыздарды кабыл алуунун жана социалдык жардам көрсөтүүнүн тартиби;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө отчеттуулук.

[8] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/14713 шилтемеси боюнча жеткиликтүү.
[9] Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча Типтүү оңдоп-түзөөчү программа.

**Нускамада үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен иштөөдө Эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын кызматкерлери төмөнкү принциптерди жетекчиликке алышат деп бекитилген:**

1. адам укуктары жана гендердик теңчилик жаатындагы мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын сакталышы;
2. жабыр тарткан ар бир адамга жынысынан, жаш курагынан, этникалык келип чыгуусунан, жашоо образынан же башка жагдайларынан көз карандысыз түрдө татыктуу кайрылууну жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнүн теңчилигин камсыз кылуу;
3. үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балдардын эң мыкты кызыкчылыктары принцибин сактоо;
4. жабыр тарткан адамдардын керектөөлөрүнө жана социалдык жардам алуунун ыктыярдуулугуна багытталган ыкманы камсыз кылуу;
5. үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар жөнүндө маалыматтардын конфиденциалдуулугун камсыз кылуу;
6. адам укуктарын жана эркиндиктерин басмырлоочу жана үй-бүлөлүк зомбулукка өбөлгө түзүүчү элдик каада-салттарга жана үрп-адаттарга жол бербөө;
7. үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүүдөгү өнөктөштүк жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүү.

Демек, окуу куралынын бул бөлүмүндө Мыйзамды аткаруучу субьекттердин ишмердүүлүктөрүндөгү ушул эле Мыйзамда бекитилген үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун принциптерин, ошондой эле социалдык өнүктүрүү органдарынын ыйгарым укуктарын карап чыктык, булардын баары Нускамада кылдаттык менен конкреттештирилген.


Мыйзамды аткаруучу субьекттердин үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо принциптери улуттук мыйзамдарды сактоо гана болуп эсептелбейт, ошондой эле адам укуктары жана гендердик чөйрөлөрдөгү эл аралык стандарттарды дагы сактоо болуп саналат, тактоо үчүн кийинки бөлүмдө алардын мазмундарын карап чыгабыз. Социалдык өнүктүрүүнүн кызматкери социалдык өнүктүрүү органдарынын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын ишмердүүлүгүндө бул стандарттарды кантип аткаруу керек экендигин түшүнүүсү зарыл. Мыйзамды, Нускамаларды жана социалдык өнүктүрүү органдарынын ишмердүүлүктөрүн жөнгө салган башка ченемдик-укуктук актыларды аткарууда Эл аралык стандарттарды дайыма эске алуу зарыл.

## 3.3 Өзүн өзү текшерүү үчүн суроолор

Өздөштүрүлгөн материалды бекемдөө үчүн төмөнкү суроолорго жооп берүү сунушталат:

1. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамында үй-бүлөлүк зомбулуктун кайсы түрлөрү белгиленген?
2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенишүүсүнүн тартиби кайсы документте бекитилген жана анда социалдык өнүктүрүү органдары үчүн кайсы ыйгарым укуктар берилген?
3. Социалдык өнүктүрүү органдары жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдар тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө Нускамада бекитилген тартипке ылайык, социалдык өнүктүрүү органдарынын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын ишмердүүлүктөрүнүн негизги багыттары кайсылар?

# 4. Зомбулуктан жабыр тарткан аялдарга жана кыздарга социалдык кызмат көрсөтүүнүн стандарттары



Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аялдарга жана кыздарга социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылуу стандарттары «Зомбулукка кабылган аялдар жана кыздар үчүн базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтому» [10] документинде камтылган. Документ зомбулукка кабылган аялдар жана кыздар үчүн базалык кызмат көрсөтүүлөр боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун (мындан ары — БУУ) Глобалдык бириккен программасы тарабынан «БУУ-аялдар» түзүмү, БУУнун Калкты жайгаштыруу фонду, Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюму, БУУнун Өнүктүрүү программасы, БУУнун Баңги заттары жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы жана БУУнун Балдар фонду менен өнөктөштүктө даярдалган.

[10] https://eeca.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/%D0%9C%D0%BE%D0%B4%D1%83%D0%BB%D1%8C_Total.pdf ишлтемеси боюнча жеткиликтүү.

Базалык кызмат көрсөтүүлөр саламаттыкты сактоо, социалдык кызматтар, укук коргоо органдары жана сот адилеттиги сыяктуу секторлордун кызмат көрсөтүүлөрүн аныктайт, ошондой эле кызматтарды көрсөтүү боюнча жоболорду камтыйт. Ар бир сектор үчүн кызматтарды көрсөтүүнүн стандарттык операциондук процедуралары аныкталган, алардын максаты жогорку сапаттагы кызмат көрсөтүүлөр менен камсыз кылуу болуп эсептелет.

Базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттык операциондук процедуралары Кыргыз Республикасы ратификациялаган адам укуктары, аялдардын жана балдардын укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык конвенциялардын негизинде түзүлгөн. Бул социалдык жардам көрсөтүүнүн принциптерин аныктоодо, ошондой эле социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомун иштеп чыгууда жана алардын сапаттарынын критерийлерин аныктоодо ушул документтин жоболорун колдонууга жол ачат.

Муну менен катар эле базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтому эң биринчи кезекте интимдик өнөктөшү тарабынан зомбулук окуяларына жана башка адам тарабынан сексуалдык зомбулук окуяларына максатталгандыгын эске алуу зарыл, бирок документте алар аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун башка формалары үчүн дагы колдонулушу мүмкүн деп белгиленип турат. Бул окуу куралынын максатына ылайык стандарттык операциондук процедуралар үй-бүлөлүк зомбулуктун контекстинде каралат, анткени биздин өлкөдө аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун бул түрү көбүрөөк жайылган.

## 4.1 Базалык социалдык кызмат көрсөтүүлөр

Базалык социалдык кызмат көрсөтүүлөр зомбулукка кабылган аялдардын жана кыздардын укуктарын, коопсуздугун жана жыргалчылыгын камсыз кылуу үчүн өтө маанилүү бир нече кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылууну караштырат. Өзгөчө көңүл бул кызмат көрсөтүүлөр кандайча берилерине бурулат, анткени бул алардын натыйжалуулугуна олуттуу таасирин тийгизет жана жабыр тарткан башка адамдарды жардам алуу үчүн кайрылууга шыктандырат.

Кызмат көрсөтүүлөрдү аялдардын жана кыздардын керектөөлөрүнө багыттоону, жаш курактык өзгөчөлүктөрүн эске алууну, уяткарууга жол бербөөнү камсыз кылуу жана жеткиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдөн тандоо мүмкүнчүлүгүн берүү зарыл.

**Жетектөөчү жоболордун түзүлүшү бири-бири менен байланыштуу төрт компоненттен турат:**

1. Бардык базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн негизине киргизиген жалпы принциптерден.

2. Кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрү үчүн жалпы мүнөздөмөлөрдөн (бир гана социалдык эмес, жана дагы укуктук, медициналык, психологиялык).
3. Базалык кызмат көрсөтүүлөрдөн, тактап айтканда адам укуктарынын, коопсуздуктун жана жабыр тарткан ар бир аялдын жана кыздын жыргалчылыгынын сакталышына кепилдик берүү үчүн сунуш кылынган минималдуу түрдөгү зарыл кызмат көрсөтүүлөрдөн.
4. Бул кызматтарды көрсөтүү үчүн киргизиле турган негизги элементтерден.

*Кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрүн көрсөтүүдө сактала турган жалпы принциптер буларды караштырат:*

- укук коргоо ыкмасын;
- гендердик тең укуктуулукту илгерилетүүнү жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү;
- жабыр тарткан адамдын муктаждыктарына багыттуулукту; [11]
- коопсуздуктун биринчи деңгээлдеги маанилүүлүгүн;
- айыпкерлерди жоопко тартууну.

**Укук коргоо ыкмасы**

Сапаттуу базалык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылуунун укук коргоо ыкмасы, мамлекет аялдардын жана кыздардын укуктарын сыйлоого, коргоого жана сактоого эң биринчи деңгээлдеги тартипте милдеттүү экендигин тааныйт. Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук, бул аялдардын жана кыздардын адамдык укуктарын фундаменталдык жактан бузуу, тактап айтканда алардын жашоого карата укугун, коркунучтан жана зомбулуктан эркин болуу укуктарын бузуу болуп эсептелет. Укук коргоо ыкмасы аялдардын жана кыздардын коопсуздуктарын, кызыкчылыктарын камсыз кылууну жана аялдар менен кыздардын кадыр-баркын сактоону, сыйлоону жана кылдат мамиле жасоону камсыз кылууну артыкчылыктуу тартипте караштырат. Ал ошондой эле, аялдар жана кыздар үчүн жеткиликтүү жана ыңгайлуу, колдо бар, жогорку сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылууда максималдуу түрдөгү жеткиликтүү стандарттарга умтулууга чакырат.

[11] Жабыр тарткан адам/курмандыгы болгон адам/жабырлануучу/зомбулукту башынан өткөргөн – бул түшүнүктөрдүн баары жыныстык белгиси боюнча жабыр тарткан аялдарга дагы, ошондой эле кыздарга дагы карата колдонулат жана сот процесси, тандоо эркиндиги, бул аялдардын жана кыздардын зарыл кызмат көрсөтүүлөргө кайрылуу укуктары учурларында колдонулган терминологияны чагылдырат. БУУнун Башкы катчысынын изилдөөсүндөгү 1-сноскада «курмандыгы болгон адам» жана «жабыр тарткан адамдар/ зомбулукту башынан өткөргөндөр» терминдерине карата дебаттардын улангандыгы белгиленет. Айрымдардын пикирлери боюнча, «курмандыгы болгон адам» терминин колдонуудан качуу керек, анткени ал пассивдүүлүктү, алсыздыкты жана табигый жактан аялдын аярлуулугун болжолдойт жана алардын жашоодогу бекемдигин жана эрктүүлүгүнүн күчүн эске албайт. Башкалар болсо, «жабырлануучу» терминин колдонууну көйгөйлүү деп эсептешет, себеби ал зомбулук менен коштолгон кылмыштуу аракеттердин обьектиси болгон аялдар өз жон терилери менен сезген виктимизациялануу сезимин четке кагат.

**Гендердик тең укуктуулукту илгерилетүү жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү**

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктардын түпкү себептери жана кесепети катары гендердик тең укуксуздуктун жана басмырлоонун биринчи деңгээлдеги мааниси, гендердик жактан сезимал саясатты жана кызматтарды көрсөтүүдө тиешелүү тажрыйбаны талап кылат. Кызмат көрсөтүүлөр аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун тамырлоосун жок кылууга, ага чыдоо сезимдерин токтотууга же алардын тамырын жаюусун жок кылууга, жоюуга арналган. Кызмат көрсөтүүлөр аялдардын тандоо эркиндигин жана эрктүү болуу эркиндигин жайылтууга арналган, ага ылайык аялдар жана кыздар чечимдерди өздөрү жеке кабыл алуу укугуна ээ болушат, ага базалык кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тартуу чечими дагы кирет.

**Маданий жана жаш курактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен кызмат көрсөтүү**

Маданий жана жаш курактык өзгөчөлүктөрдү эске алган базалык кызмат көрсөтүүлөр аялдардын жана кыздардын жеке жагдайларына жана жашоодогу тажрыйбаларына, ошондой эле алардын жаш курактарына, маданиятына, сексуалдык багыттуулугуна, гендердик таанымына, этникалык тиешелүүлүгүнө жана тилдик өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруулары керек. Базалык кызмат көрсөтүүлөр ошондой эле, бир гана аял болуп төрөлгөндүгү үчүн эмес, жана дагы расалык, этникалык тиешелүүлүгүнөн, сексуалдык багытынан, диний ишениминен, ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелгендигинен, үй-бүлөлүк абалынан, ишмердүүлүгүнүн түрүнөн же башка мүнөздөмөлөрүнөн улам же болбосо алар зомбулуктан жабыр тартышкандыгынан улам басмырлоонун көптөгөн формаларына кабылган аялдардын жана кыздардын муктаждыктарына тиешелүү деңгээлде таасир этүүгө арналган.

**Жабыр тарткан адамдын муктаждыктарына багытталган ыкма**

Жабыр тарткан адамдын муктаждыктарына багытталган ыкма, кызматтарды көрсөтүүдө аялдардын жана кыздардын укуктарын, муктаждыктарын жана каалоолорун көңүл борборуна коёт. Бул жабыр тарткан адамдардын жана курмандыкка айланган адамдардын көп сандагы муктаждыктарын, ар түрдүү тобокелчиликтерди жана аярлуулук факторлорун, кабыл алынган чечимдердин жана аракеттердин тийгизген таасирлерин карап чыгуу, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдүн жеке ар бир аялдын жана кыздын уникалдуу талаптарына ыңгайлуулугун карап чыгуу дегенди түшүндүрөт. Кызмат көрсөтүүлөр анын каалоосун угууга арналган.

**Коопсуздуктун биринчи деңгээлдеги мааниси**

Аялдардын жана кыздардын коопсуздугу сапаттуу кызматтарды көрсөтүүдө биринчи деңгээлдеги мааниге ээ. Базалык кызматтарды көрсөтүүдө алардын коопсуздуктарына, ошондой эле андан нары зыян келтирүүгө жол бербөө үчүн кызмат көрсөтүүнүн колдонуучулардын коопсуздуктарына биринчи деңгээлдеги көңүл бурулушу керек.

**Зомбулук жасаган адамды жоопкерчиликке тартуу**

Зомбулук жасаган адамды жоопкерчиликке тартуу айыпкерлерди жоопкерчиликке тартууну талап кылат, муну менен чогуу укуктук чаралардын акыйкат болушун кепилдикке алат. Базалык кызмат көрсөтүүлөр жабыр тарткан адамдын сот адилеттигине жөнөтүү процесстерине катышуусун колдоого алуулары жана кеңейтүүлөрү зарыл, анын аракеттерди көрүү же болбосо эрктүүлүк жана тандоо эркиндигин көрсөтүү жөндөмдүүлүктөрүн колдоого алып кеңейтүүлөрү керек. Мындай жагдайда адилеттикти калыбына келтирүү жоопкерчилигин же түйшүгүн аял эмес, мамлекет өз моюнуна алуусу зарыл.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрү үчүн жалпы *мүнөздөмөлөр* алар бар дегенди түшүндүрөт; жеткиликтүүлүк, ыңгайлуулук, актуалдуулук, орундуулук, коопсуздуктун биринчи деңгээлдеги маанилүүлүгү, аң сезимдүү макулдук жана конфиденциалдуулук; көрсөткүчтөрдү чогултуу жана маалыматты башкаруу; маалыматты натыйжалуу өткөрүп берүү жана багыттоо жана координациялоо аркылуу башка секторлор, ведомстволор менен өз ара аракеттенишүү.

*Базалык социалдык кызмат көрсөтүүлөр төмөнкүдөй сунуш кылынган:*

1. Кризистик кырдаалдардагы маалымат.
2. Кризистик кырдаалдарда кеңеш берүү.
3. Телефондон жардам көрсөтүү кызматы.
4. Коопсуз турак жай.
5. Материалдык жана каржылык жардам.
6. Өздүгүн тастыктаган документтерди жазуу каттоо, кайра калыбына келтирүү жана алмаштыруу.
7. Укуктук жана укук коргоочулук маалымат, кеңеш берүү жана кызыкчылыктарына өкүлчүлүктүк кылуу, анын ичинде сот инстанцияларында өкүлчүлүктүк кылуу.
8. Психосоциалдык колдоо көрсөтүү жана кеңеш берүү.
9. Аялдардын керектөөлөрүнө багытталган колдоо көрсөтүү.

10. Зомбулуктан жабыр тарткан балдар үчүн кызмат көрсөтүүлөр.
11. Маалымдоо, агартуу жана бул иштерди жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде камтуу.
12. Экономикалык көз карандысыздыкты камсыз кылуу, калыбына келтирүү жана өз алдынчалуулукка ээ болуу максатында жардам берүү.

Жогоруда сунуш кылынган базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн көпчүлүгү Кыргыз Республикасында камсыз кылынат:

- социалдык өнүктүрүү органдары тарабынан, алардын ишмердүүлүктөрүн жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын негизинде,
- кризистик борборлор (мындан ары — КБ) тарабынан, Кыргыз Республикасынын «Калкты социалдык жактан тейлөө. Аялдарга кеңеш берүүчү-алдын алуучу борборлордун социалдык кызмат көрсөтүүлөрү» Улуттук стандартынын негизинде»[12],
- 111 түз байланыш түйүнү аркылуу акысыз телефондук чалууларды кабыл алган ЭСӨМдүн алдындагы «Балдар үчүн ишеним телефону» Борбору аркылуу, 2011-жылдын 6-октябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 618 токтому менен бекитилген «Бирдиктүү түз байланыш» жөнүндө Жобонун негизинде Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде «112 системасын» ишке киргизүү аркылуу,
- улуттук мыйзамдар тарабынан каралган материалдык жана каржылык жардамдардын түрлөрү аркылуу,
- ошондой эле коомдук уюмдар тарабынан (мындан ары — КБ), ыктыярдуу түрдө гуманитардык жана демөөрчүлүк жардам көрсөткөн ыктыярчылар жана башка жарандар, уюмдар тарабынан.

Аталган кызмат көрсөтүүлөрдүн *негизги элементтери* документтеги *жетектөөчү жоболордо* камтылган, алар жабыр тарткан аялдар жана кыздар менен өз ара аракеттенишүү процессинде кайсы стандарттарды карманууу зарыл экендигин түшүндүрөт, тактап айтканда:

**Коопсуздук.** Бул принцип баарынан мурун, жабыр тарткан аялдарга жана кыздарга, ошондой эле зомбулук болгон жердеги балдарга жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнө карата колдонулат. Коопсуздукту камсыз кылуу жабыр тарткан адамды зомбулук жасаган айыпкерден ыкчам түрдө эч кечиктирбестен бөлүүнү жана анын коопсуздугуна баа берүүнү, ал эми зарылчылык пайда болгон учурда — коопсуз жайга жайгаштырууну камтыйт. Ошол эле учурда социалдык өнүктүрүүнүн кызматкерлеринин коопсуздугу камсыз кылынуусу керек. Үй-бүлөлүк зомбулук күтүүсүз мүнөзгө ээ экендигин эске алуу менен, үй-бүлөлүк зомбулук жасалган

[12] Кыргыз Республикасынын «Калкты социалдык жактан тейлөө. Аялдарга кеңеш берүүчү-алдын алуучу борборлордун социалдык кызмат көрсөтүүлөрү» Улуттук стандарты, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Стандартташтыруу жана метрология боюнча Борбордун Буйругу менен бекитилген жана ишке киргизилген, 15.11.2018 №65.

жерге чыгуу, турак-жайга кирүү бир гана ички иштер органдарынын кызматкерлери менен чогуу ишке ашырылуусу зарыл.

**Конфиденциалдуулук.** Конфиденциалдуулукту сактоо — жабыр тарткан аялдардын жана кыздардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн маанилүү чара. Чоң адамдарга карата конфиденциалдуулук, бул маалыматты алмашуу айрым маалымат башка кызматтарга маалыматтык макулдуктун негизинде берилет дегенди түшүндүрөт, т. а., аялга түшүндүрүү керек жана ал кайсы маалымат кимге берилерин түшүнүүсү зарыл жана маалыматты берүүгө макулдугун берүүсү керек. Эгерде жашы жетелек өспүрүмдөргө жана/же кыймыл-аракети жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата үй-бүлөлүк/гендердик зомбулук жасалса, жабыр тарткан адамдардын зомбулук жөнүндө маалыматты ички иштер органдарына берүүгө макулдугу талап кылынбайт. Конфиденциалдуулук ишмердүүлүктүн бардык этаптарында сакталуусу керек (аларды суракка алууда үчүнчү тараптардын катышпоосу, жашаган дареги жана учурда турган жери жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгүнүн чектелүүлүгү ж. б.). Конфиденциалдуулукту сактоо андан наркы коркунучтардын жана/же зомбулуктун алдын алууга багытталган.

**Маалыматтуулук.** Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылуунун эл аралык стандарттары жабыр тарткан адам өзү үчүн жеткиликтүү, аны коргогон мыйзамдар жана юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү жөнүндө кандайдыр бир кесипкөй кеңештерди же маалыматтарды алган эмес болуусу жагдайын социалдык өнүктүрүү органдары эске алуулары керек экендигине көңүл бурат, ошондуктан алар мындай маалыматтарды берүүгө даяр болуулары зарыл. Зордуктоо окуясында саламаттыкты сактоо уюмдарында милдеттүү түрдө акысыз жүргүзүлө турган маалымат берүү, зордуктоодон кийинки 72 сааттын ичинде жыныстык жол аркылуу жугуштуу инфекциялардын, АИВ (ВИЧ) — инфекциясынын жана күтүүсүз кош бойлуулуктун алдын алуу жөнүндө маалыматтардан камтуусу зарыл. Ошондой эле, жабыр тарткан адамга психологиялык жана юридикалык жардам алуу үчүн кризистик борборлорго кайрылуу мүмкүнчүлүгү бар экендиги жөнүндө маалымат берилиши керек.

**Аң сезимдүү тандоо.** Ар бир аракет бул кадамдардан кийин ишке ашырылуусу зарыл: (1) жабыр тарткан адамга анын зарылдыгы жана мазмуну жөнүндө маалымат бергенден кийин жана (2) андан аны ишке ашырууга аң сезимдүү макулдук алгандан кийин.

**Зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын муктаждыктарынын артыкчылыктуулугу**
Жабыр тарткан адамдын каалоолорун, укуктарын жана кадыр-баркын эске алуу

маанилүү, социалдык өнүктүрүү органдары милдеттүү тартипте жабыр таркан адамдын муктаждыктарына баалоо жүргүзүшү зарыл. Бул шарттарды түзүүгө багытталган, келтирилген зыянды минимизациялоого жагымдуу таасирин тийгизе турган жана андан кийин калыбына келтирүүчү эң мыкты ыкма болуп эсептелет.

**Басмырлоонун жок болушун камсыз кылуу.** Бул принцип ар бир жабыр тарткан адамга анын жынысынан, расасынан, этникалык келип чыгуусунан, жашоо образынан же окуянын жагдайларынан көз карандысыз түрдө татыктуу мамиле кылууну камсыз кылат. Бул бардык жабыр тарткан адамдарга, анын ичинде аялдарга жана жашы жетелек өспүрүмдөргө, ошондой эле маргиналдашкан топтордун өкүлдөрүнө бирдей мамиле кылуу керек жана аларды басмырлоого жол бербөө зарыл дегенди билдирет.

**Маданий өзгөчөлүктөрдү сактоо.** Бул принцип социалдык кызматкер жабыр тарткан адам менен иш алып барууда аймактык, этникалык, диний же тилдик тиешелүүлүгүнө байланыштуу маданий өзгөчөлүктөр жөнүндө маалыматтарга ээ болушу керек дегенди түшүндүрөт. Жабыр тарткан адам менен иштөөдө бул факторлордун баарын эске алуу зарыл.

## 4.2 Стандарттык операциондук процедуралар

Стандарттык операциондук процедуралар (мындан нары — СОП) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүүдө, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын жана социалдык өнүктүрүү органдарынын ишмердүүлүктөрүндө эске алынышы керек болгон зарыл аракеттердин алгоритмин караштырат.

Сактала турган процедуралар төмөндө ишке ашыруу үчүн зарыл чаралардын жана аракеттердин типтери боюнча топтоштурулган.


Үй-бүлөлүк зомбулук окуяларын жана андан жабыр тарткан адамдарды **аныктоо** биринчи процедура болуп эсептелет. Нускамада жогоруда белгилеп кеткендей, үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалымат алуу тартиби жана мамлекеттик органдар менен уюмдардын аймактык бөлүнүштөрүнүн өз ара аракеттенишүү тартиби аныкталган. Ал төмөнкү аракеттерди караштырат:

*1.Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы жөнүндө билдирүү жана/же үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө арыз*

*ЭСӨБ [13] тарабынан жазуу формасында же телефон аркылуу төмөнкүлөрдөн кабыл алынат:*

- үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө билдирген бардык жарандардан;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону камсыз кылган субьекттердин кайрылуулары/жолдомолору;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү Министрлигинин алдындагы «Балдар үчүн ишеним телефону» Борбору» мамлекеттик мекемесинен, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин «112-системасы» Бирдиктүү мамлекеттик нөөмөттүк-диспетчердик кызматынан келип түшкөн маалыматтардан;
- коомдук уюмдардын жана кризистик борборлордун кайрылууларынын билдирүүлөрү;
- массалык маалымат каражаттарынан алынган маалыматтар.

**1-сүрөт. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды аныктоо/алуу**




[13] ЭСӨБ – социалдык өнүктүрүү органынын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүнүштөрү.

*2. Эгер үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам ЭСӨБгө үй-бүлөлүк зомбулукка кабылып жаткандыгын (анын ичинде анонимдүү түрдө) телефон аркылуу билдирсе, ЭСӨБ кызматкери:*

- жардам алуу үчүн күндүзгү кайрылууга түрткү берет;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөткөн башка субьекттер жөнүндө маалымат берет.

**2-сүрөт. ЭСӨБдүн адисинин ҮБЗ жөнүндө телефондук чалууларды алгандан кийинки аракеттери**





*3. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө жазуу формасында жана телефон аркылуу алынган арыздар/кайрылуулар үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча жарандардын кайрылууларын каттоо журналына түшүрүлөт. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды берген жарандар жөнүндөгү маалыматтар ЭСӨБдүн кызматкерлери тарабынан купуя сакталат.*


*4. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган балдарды социалдык жактан коштоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнунда № 391 токтому менен бекитилген «Жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоонун тартиби» жөнүндө жобого ылайык ишке ашырылат.*

*5. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоодо, жана/же үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгы жөнүндө маалыматты алууда ЭСӨБдүн кызматкери:*

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын бул Нускаманын 1-тиркемесине ылайык жазуу жүзүндөгү берген макулдугу менен, үй-бүлөлүк зомбулук фактысы жөнүндө аймактык ички иштер органына (жыйырма төрт сааттын ичинде) билдирет. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын макулдугу менен, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун башка субьекттерге, ошондой эле анын жакын туугандарына маалымат берилиши мүмкүн. Жашы жете электерге жана/же аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук жасалган учурларда жабыр тарткан адамдардын макулдугу талап кылынбайт. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субьекттерине ыкчам маалымат берүү жана маалыматтарды алмашуу үчүн ЭСӨБ телефонограммаларды колдонот, жыйырма төрт сааттын ичинде ЭСӨБдүн жетекчилигинин колу коюлган жазуу формасындагы билдирмени жөнөтөт;
- ички иштер органдарына үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды тез арада коопсуз жайга жайгаштырууга жардам берет.

**3-сүрөт. ЭСӨБдүн адисинин ҮБЗ жөнүндө телефондук чалууларды алгандан кийинки аракеттеринин алгоритми**







*6. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматты ички иштер органдарына жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун башка субьекттерине өткөрүп берүү жөнүндө белги жарандардын үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча кайрылууларын каттоо журналына коюлат, маалыматты өткөрүп берген жана алган кызматкерлердин аты-жөнү, маалыматты өткөрүп берүү датасы жана убактысын көрсөтүү менен жазылат.*

*7. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалымат багытталып жиберилген субьекттер же жабыр тарткан адам багытталып жөнөтүлгөн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субьекттери, багытталган күндөн баштап, он күндүн ичинде көрсөтүлгөн жардамдар жана көрүлгөн чаралар жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.*

*8. ЭСӨБ үй-бүлө менен жекече иштөө планын жана/же баланы коргоо боюнча жекече планды ишке ашырууда ички иштер органдары, билим берүү уюмдары, саламаттыкты сактоо уюмдары менен жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун башка субьекттери менен консультацияларды алуу, жазуу формасындагы маалыматтарды алуу жана жолугушууларды уюштуруу аркылуу өз ара аракеттенишет.*

**4-сүрөт. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субьекттеринин өз ара аракеттенишүүсү**




*9. ЭСӨБдүн ички иштер органдарына үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар жөнүндө маалымат берүү тартиби, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарга алдын алуу жана оңдоп-түзөөчү программасынан өтүүгө жолдомо берүү жана үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча ички иштер органдары менен өз ара аракеттенишүүсү, ошол эле Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2019-жылдын 25-октябрында № 133 жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2019-жылдын 25-октябрындагы № 917 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө социалдык өнүктүрүүнүн балдарды коргоо боюнча огандарынын ички иштер органдары менен өз ара аракеттенишүү тартиби жөнүндө» биргелешкен буйругу аркылуу бекитилген Нускамага ылайык ишке ашырылат.*

*10. ЭСӨБ жана үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча маалыматты кабыл алган үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун башка субьекттери жабыр тарткан адамдын макулдугу менен ага жардам көрсөтүшөт (жашы жете электердин жана расмий түрдө аракетке жөндөмсүз деп табылган адамдардын макулдугу талап кылынбайт).*

## 4.3 Сурамжылоо жана муктаждыктарды баалоо

Жабыр тарткан адамдарды сурамжылоо жана муктаждыктарын баалоо кийинки зарыл кадам болуп эсептелет. Аларды жүргүзүүдө төмөнкү жетектөөчү жоболорду эске алуу керек:

- жабыр тарткан адамдын кайрадан (экинчи) басмырлоого кабылуусуна жол бербөө, анын зомбулукка кабылуу фактысына сылыктык, сыйлоо, боорукердик жана сезимталдык менен мамиле кылуу;
- чыдамкайлуулукту көрсөтүү жана жабыр тарткан адам болуп өткөн окуя жөнүндө өз сөзү менен айтып берүүсү үчүн ага убакыт берүү, тактап айтканда ал үчүн жоопторду алдын ала камдабоо;
- кунт коюп угуу;
- жабыр тарткан адамдар өз эмоцияларын ар башкача билдиришерин эстен чыгарбоо;
- эгер аял фактыларды эстей албай же ага жардам жана колдоо көрсөтүү жаатындагы өз муктаждыктарын ыргактуу айтууда кыйналып жатса, капалануунун же ачууланууну билгизбөө;
- жаракаттардын, тынчсызданууулардын же стресстин белгилерине көңүл буруу жана зарылчылык пайда болсо аларды төмөндөтүү үчүн чараларды көрүү.

**Кийинки жетектөөчү жоболор болуп өткөн окуя жөнүндө сурамжылоону үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга азыраак жаракат келтире тургандай кылып ишке ашырууга тиешелүү:**

1. үй-бүлө мүчөлөрүнүн, досторунун же балдарынын көзүнчө зомбулук жөнүндө суроо бергенден алыс болгула;
2. чыдамкай болгула, кризистик кырдаалдарда жабыр тарткан адамдар каршылаш сезимдерге кабылышарын эсиңерден чыгарбагыла. Эгер жабыр тарткан адам ачыла албай жатса, болуп өткөн үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө ойлонууга силерди эмне мажбур кылганын айтып кысым көрсөткөнгө аракет кылбагыла;
3. керексиз тыныгуулардан качкыла жана жабыр тарткан адам өзүнүн окуясын айтып берип бүткөндөн кийин гана тактоочу суроолорду бергиле;
4. пассивдүү угуудан жана комментарий жасабай эле олтура берүүдөн качкыла, жабыр тарткан адамдын тынчсызданууларын кунт коё көңүл буруп уккула жана ал башынан кечирип жаткан сезимдерди силер түшүнүп турганыңарга ишендиргиле;
5. үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын тилинде сүйлөгүлө. Эгер жабыр тарткан адамга жардам берүү үчүн зарыл болсо, котормочу чакыргыла;
6. тилди жана сөздөрдү ага түшүнүктүү деңгээлге чейин жөнөкөйлөштүргүлө, ал түшүнбөгөн, аны кыйнай турган кесибиңерге тиешелүү билдирүүлөрдү колдонбогула;

7. үндүн тонун сезимталдуу кылып колдонуп, суроолорду жагымдуу жана таңуулабаган манерада бергиле. Ачык суроолорду колдонгула жана эрежеге ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды күнөөлүү сездирген «эмне үчүн» деп башталган суроолордон качкыла;
8. жабыр тарткан адамдарды күнөөлөбөгүлө, «Эмне үчүн сиз аны менен каласыз?», «Зомбулук башталганга чейин, силерде ага негиз бар беле?», «Сиз бул жерде жалгыз эмне кылып жатасыз?», «Сиз эмне кийип алгансыз?» деген суроолорду бергенден качкыла. Мунун ордуна жабыр тарткан адамды, үй-бүлөлүк зомбулукка зомбулуктун башка бардык түрлөрү сыяктуу эле чыдоого болбойт деп ишендиргиле;
9. «сизде ушундай окуя болуп калганына, мен өкүнүп турам» же «сиз чынында эле көп нерсени башыңыздан кечирдиңиз» деген сыяктуу жардамчы колдоо сөздөрүн колдонгула, булар аялдын ачылуусуна, көбүрөөк маалымат берүүгө шыктандырат;
10. зомбулук жабыр тарткан адамдын күнөөсү эмес экендигин жана аны үчүн бир гана агрессор жоопкерчиликти тарта тургандыгын баса белгилегиле;
11. маалымат конфиденциалдуу бойдон кала тургандыгын түшүндүргүлө жана ага конфиденциалдуулукту сактоо үчүн бардык чектөөлөр коюла тургандыгын билдиргиле;
12. маданий көз караш боюнча орундуу көзмө көз байланышууну колдонгула жана бардык көңүлдү жабыр тарткан адамга бургула. Сүйлөшүү процессинде кагаз жумуштарын аткаруудан качкыла;
13. өзүңөрдүн дене боюңардын тилине аң сезимдүү мамиле кылгыла. Силердин турпатыңар кандай жана колуңарды, башыңарды кандай кармап турасыңар, силердин жүзүңөрдүн абалы жана үнүңөрдүн тону — мунун баары аялга силер кырдаалды кандай кабылалып жатканыңардан ачык белги берип турат. Таңуулабаган жана колдоо көрсөткөн позицияны билдиргиле, анын айтып жаткандарынын баары чындык экендигин кубаттагыла. Дене бойдун жабыр тарткан адамга карата ачууланууну, ишенбөөчүлүктү же жактырбоону билдирген тилинен качкыла.
14. маданиятка же динге негиздеп, жабыр тарткан адамдын жүрүм-турумун сындабагыла.

**1-таблица. Аял менен сүйлөшүүдөгү ылайыктуу жана ылайыктуу эмес суроолор**

| Ылайыктуу суроолор/жооптор | Ылайыктуу эмес суроолор/жооптор |
|---|---|
| — Мен туура түшүндүмбү, күйөөңүз сизди урдубу?<br>— Азыр сизге коркунуч жаралып жатабы?<br>— Сиз жана дагы ким жаракаттарды алды?<br>— Болуп өткөн окуяга сиз күнөөлүү эмессиз!<br>— Мен биз сизге кандай жардамдарды көрсөтө алабыз, каякка кайрылса боло тургандыгы жөнүндө айтып берем жана сиз үчүн эмне эң жакшы экендигин өзүңүз чечесиз.<br>— Биз сүйлөшүп жаткандардын баары экөөбүздүн гана ортобузда калат. Мен сиздин уруксатыңыз жок эч кимге эч нерсени айтпайм.<br>— Сизде ушундай окуя болуп калганына, мен өкүнүп турам.<br>— Сиз сөзсүз түрдө азыр чечим кабыл алууга милдеттүү эмессиз. Сиз баарын ойлонуштурсаңыз болот. Сиз кабыл алган чечимиңизди келечекте өзгөртүүгө мүмкүнчүлүгүңүз бар. | — Ал сизди эмне үчүн урду? Сиз эмне кыла койдуңуз эле?<br>— Ишенем, сиздин күйөөңүз зыян келтирүүнү же этиңизди оорутууну кааласа керек.<br>— Балким, күйөөңүз сизди уруп койгонуна капаланып жаткандыр.<br>— Нормалдуу адам жөн жерден эле уруп-сабап баштабайт.<br>— Балким сизге ошондой сезилип жатат, балким сиз кошумчалап коздоп жатасыз? Коркунучтуу деле эч нерсе болгон жок, трагедия жасабаңыз.<br>— Аялдар кээде уруш-талашты өздөрү чакырат, андан кийин даттанышат.<br>— Күйөөгө деген ыңгайланышуу керек, сиз күйөөсү бар аялсыз да.<br>— Эмне кылуу керектигин чечиңиз, менин башка жумуштарым бар. |

Биринчи таасирленүү дайыма туруктуу жана маанилүү таасир этет. Алсак, жабыр тарткан адамдарды имарат, кабылдама жана жалпы абал таасирлентет. Бул таасирленүү үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын кийинки бардык процедуралардан өтүү тууралуу чечим кабыл алуусуна таасирин тийгизет жана мунун баары социалдык өнүктүрүүнүн кызматкери сүйлөшүүнү баштаганга чейин болуп өтөт.

Сүйлөшүү тегерек үстөлдүн четинде олтуруп же эң жакшысы үстөл жок эле жүргүзүлүшү керек. Үстөлдүн ар башка тарабына олтуруу сүйлөшүүгө кошумча тоскоолдуктарды пайда кылуусу жана ишеним деңгээлин төмөндөтүшү мүмкүн.

Түздөн түз, бетме бет олтуруу жана көзгө тике караган көз караш каршылашуу тууралуу чаташкан элестетүүлөрдүн пайда болушуна түрткү бериши мүмкүн, анткени бул адатта кадимки зомбулуктуу аракеттерди жасаган адамдын жүрүм-турумун эске салат.

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча:

1. кайсы маалымат ачык болорун, ал эми кайсынысы купуя сыр катары сакталарын түшүндүргүлө;
2. аӊ сезимдүү макулдук алуу үчүн тиешелүү маалыматты бергиле;
3. жабыр тарткан адамга башка мекемелер/кызматтарды жеткирип берүүчүлөр менен маалымат алмашууда натыйжасы кандай болушу мүмкүн экендиги жөнүндө маалымдагыла.
4. жабыр тарткан адамдарга зарыл социалдык жардамды сунуш кылуу үчүн жүргүзүлгөн суражылоонун негизинде керектөөлөрүнө жана муктаждыктарына баалоо жүргүзгүлө. Баалоого үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын дене бойлук жана психологиялык ден соолугу, социалдык жашоосу, мамилелери жана экономикалык макамы жөнүндө маалыматты алуу жана анализдөө кирет, бул маалыматтардын баары социалдык кызматкерге колдо бар ресурстардан колдонуп, социалдык жардам көрсөтүү боюнча анын муктаждыктарына ылайыктуу тиешелүү план түзүүгө жардам берет.

## 4.4 Социалдык жардам көрсөтүү

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардан арыздарды кабыл алуунун жана социалдык жардам көрсөтүүнүн тартиби Нускаманын 3-бөлүмүндө аныкталган, анда айтылган, ага ылайык:

15. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар, анын ичинде качкындар зомбулук жасалган жер боюнча же жабыр тарткан адамдар жашаган жери боюнча ЭСӨБгө жардам сурап кайрыла алышат.

16. ЭСӨБ үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча жарандардын кайрылууларын эсепке алуу журналын бул Нускаманын 2-тиркемесине ылайык формада жүргүзөт.

17. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар же анын мыйзамдуу өкүлү жардам алуу үчүн ЭСӨБгө төмөнкүдөй документтерди тапшырат (эгерде алар бар болсо):

- өздүгүн күбөлөндүргөн документ;
- убактылуу коргоо ордери, үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча соттун же аксакалдар сотунун чечими;

- зомбулук учурларын медициналык документтештирүүнүн белгиленген үлгүдөгү толтурулган формасын (форма № 003–3/у).

18. Үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгы жөнүндө маалыматты жана/же жабыр тарткан адамга социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө арызды алгандан кийин жана/же үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун башка субьекттери тарабынан жабыр тарткан адам ЭСӨБгө багытталып жиберилсе ЭСӨБ:

- жабыр тарткан адамга же анын мыйзамдуу өкүлүнө алгачкы сурамжылоо жүргүзүшөт;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын социалдык кызматтарды жана жардамдарды алууга алгачкы муктаждыктарын аныктайт;
- кайрылган учурда тартып жабыр тарткан адамдын алгачкы көйгөйлөрүн чечүүгө көмөк көрсөтөт (медициналык жардам көрсөтүү, коопсуз жерге жайгаштыруу, биринчи психологиялык, социалдык жана укуктук жардам көрсөтүү зарылдыгы), алгачкы муктаждыктарды чечүү боюнча мониторинг жана талдоо жүргүзөт;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы № 391 токтому менен бекитилген жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоонун тартиби жөнүндө Жобого ылайык үй-бүлө менен жекече иштөө планын иштеп чыгышат;
- зарыл документтерди калыбына келтирүүгө/алууга/алмаштырууга көмөк көрсөтөт;
- мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө мыйзамга ылайык консультацияларды берет социалдык жөлөк пулдарды алууга көмөк көрсөтөт;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субьекттери тарабынан көрсөтүлүүчү укуктар жана жардамдын түрлөрү жөнүндө консультация берет жана жабырлануучуга же анын мыйзамдуу өкүлүнө маалымдайт;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды кесиптик даярдоого/кайра даярдоого жана ишке орноштурууга көмөк көрсөтүшөт;
- үй-бүлө мүчөлөрүнүн этибарсыз мамилелеринен жабыр тарткан адамдарга (жашы жете электер, улгайган адамдар, ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар, башка камкордуктагы адамдарга) дароо медициналык жана укуктук жардам көрсөтүүгө жардам берет.

**4-сүрөт. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга социалдык жардам көрсөтүүдө ЭСӨБдүн кызматкеринин аракеттеринин алгоритми**

жабыр тарткан адамга же анын мыйзамдуу өкүлүнө алгачкы сурамжылоо жүргүзүшөт;

үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын социалдык кызматтарды жана жардамдарды алууга алгачкы муктаждыктарын аныктайт

кайрылган учурдан тартып жабыр тарткан адамдын алгачкы көйгөйлөрүн чечүүгө көмөк көрсөтөт ( медициналык жардам көрсөтүү, коопсуз жерге жайгаштыруу, биринчи психологиялык, социалдык жана укуктук жардам көрөтүү зарылдыгы), алгачкы муктаждыктарды чечүү боюнча мониторинг жана талдоо жүргүзөт

үй-бүлө менен жекече иштөө планын иштеп чыгышат;

мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө мыйзамга ылайык консультацияларды берет социалдык жөлөк пулдарды алууга көмөк көрсөтөт

үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана корогоо субъектери тарабынан көрсөтүлүүчү укуктар жана жардамдын түрлөрү жөнүндө консультация берет жана жабырлануучуга же анын мыйзамдуу өкүлүнө маалымдайт

үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды кесиптик даярдоого/кайра даярдоого жана ишке орноштурууга көмөк көрсөтүшөт;

үй-бүлө мүчөлөрүнүн этибарсыз мамилелеринен жабыр тарткан адамдарга (жашы жете электер, улгайган адамдар, ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар, башка камкордуктагы адамдарга) дароо медициналык жана укуктук жардам көрсөтүүгө жардам берет

19. Балага карата үй-бүлөлүк зомбулук жасалган учурда:

- мыйзамда бекитилген жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартибине ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балага андан ары социалдык коштоону уюштуруу үчүн бардык чараларды көрүшөт, баланын жана үй-бүлөнүн жашаган дареги (жайгашкан орду) боюнча барышат;
- эмгек мигранттарынын үй-бүлөлөрүндөгү балдардын үстүнөн өзгөчө көзөмөл жүргүзүшөт (үй-бүлөнүн материалдык абалынан көз карандысыз түрдө);
- камкорчусу/көзөмөлчүсү расмий катталбастан туугандары же башка жарандар менен жашап жаткан балдарды жайгаштыруу боюнча тиешелүү чараларды көрүшөт.

20. Эгерде жабыр тарткан адам жардамдын башка түрүн алууга муктаж болуп жатса, анда бул жабыр тарткан адам аймактык бөлүнүштүн адиси тарабынан жабыр тарткан адамга зарыл жардам көрсөтүүгө ыйгарым укуктуу субьектиге жиберилет.

21. Жабыр тарткан адамды багыттоо бул Нускаманын 3-тиркемесине ылайык, жабыр тарткан адамды багыттоо жөнүндө бланктын формасын арызданууучуга берүү аркылуу ишке ашырылат.

22. Жабыр тарткан адамды багыттоо жөнүндө бланк эки нускада толтурулат, алардын бирөө жабыр тарткан адамга берилет, ал эми экинчиси — ЭСӨБдө сакталат.

## Зомбулуктан жабыр тарткан балдар менен сүйлөшүүнүн өзгөчөлүктөрү

**2-таблица. Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткан бала менен сүйлөшүү эрежелери**

| | |
|---|---|
| **1. Балага ишенгиле** | Бала билүүсү керек: силер зомбулук жөнүндө айтууга боло турган жана ага ишенген, анын айткандарын олуттуу кабыл ала турган чоң адам экениңерди. ЭСӨБдүн кызматкери баланы күнөөлөбөшү, талкуулобосу, баа бере турган көз караштарды айтпоосу керек. Баланын сөздөрүнө кылдат көңүл буруу менен мамиле кылгыла, бала силер аны угууга жана жардам берүүгө даяр экениңерди түшүнгөндөй болсун. |

| | |
|---|---|
| **2. Тынчтыкты сактагыла** | Бала менен сүйлөшүүдө өзүңөрдүн эмоцияңарды көзөмөлдөгүлө, силер таң калып жатканыңарды, жинденип же капаланып жатканыңарды көрсөтпөгүлө, муну сактабаган учурда бала бекинип алат жана зомбулук жөнүндө айтпай коюшу мүмкүн. Баланы тынчтандыргыла жана аны колдогула, ал силерге айтып туура кылгандыгын, мындай кырдаалга башка балдар дагы кабылышкандыгын, аларга дагы жардам бергениңерди түшүндүргүлө. Бала колдонуп жаткан сөздөрдү колдонгула, ага адепсиз сөздөрдү колдонгондугу үчүн эскертүү бербегиле. |
| **3. Сүйлөшүүнү жүргүзүү үчүн коопсуз жай менен камсыз кылгыла** | Сүйлөшүү үчүнчү тараптардын катышуусуз жеке, коопсуз жайда өтүп жатабы текшергиле. |
| **4. Аткара албаган нерселер боюнча убада бербегиле** | Баланы силер жардам берүүгө даяр экениңерге ишендиргиле. Балага колдой турганыңар тууралуу убада бергиле. Балага бул тууралуу эч кимге айтпайм деген сыяктуу ойлонулбаган убадаларды бербегиле. Балага силер милицияга билдирүүңөр зарыл экендигин айткыла жана бул эмне үчүн маанилүү экенин түшүндүргүлө. |
| **5. Бала менен зомбулук жасаган адамдын ким экендигин талкуулабагыла** | Бала зомбулук жасаган адамга көнүп калуусу мүмкүн. Бул жалгыз эле үй-бүлөлүк же гендердик зомбулукка мүнөздүү эмес. Тажрыйба мындай окуялар учурунда бала биринчи көрсөтмөлөрүнөн баш тартышы мүмкүн экендигин көрсөттү, бул болсо ага карата жасалган кыянатчылыктын кайталануусуна алып келиши мүмкүн. |
| **6. Эч кечиктирбестан, ыкчам таасир этүү** | Балага ал зомбулук жөнүндө айтып бергенден кийин кандай аракеттер жасалары жөнүндө маалымат берилиши керек. Баланын суроолоруна жооп берүү маанилүү. Эгер силер анын берген суроосуна жооп бере албасаңар, анда бул жөнүндө ага айткан жакшы. Силер берген маалымат баланын жаш курагына жана керектөөлөрүнө шайкеш келүүсү зарыл. Балага баарын унутууга жана эч нерсе болбогондой жашоого кеңеш бербегиле. Балага психологдун жардамын уюштургула. |
| **7. Бала кандай аракеттер жасалары жөнүндө билүүсү керек** | Балага ал зомбулук жөнүндө айтып бергенден кийин кандай аракеттер жасалары жөнүндө маалымат берилиши керек. Баланын суроолоруна жооп берүү маанилүү. Эгер силер анын берген суроосуна жооп бере албасаңар, анда бул жөнүндө ага айткан жакшы. Силер берген маалымат баланын жаш курагына жана керектөөлөрүнө шайкеш келүүсү зарыл. Балага баарын унутууга жана эч нерсе болбогондой жашоого кеңеш бербегиле. Балага психологдун жардамын уюштургула. |

## Майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнүн өзгөчөлүктөрү

Майыптыгы бар адамдар калктын өзгөчө тобун түзүшөт, анткени алар социалдык-экономикалык планда аярлуу, маалыматка ээ болууда, билим алууда, ишке орношууда, кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү ж. б.боюнча чектелүү. Зомбулук кырдаалы алар үчүн дайыма ченелгис оор азаптануулардын жана жардам көрсөтүү кызматтарынын жеткиликсиздиги түйшүгүн салат. Ушуга байланыштуу, социалдык кызматкерлерден майыптыгы бар адамдар менен зомбулукту аныктоо жана алардын керектөөлөрүнө этибарсыз мамиле кылуу суроолору боюнча иш алып барууда өзгөчө көңүл буруу талап кылынат.

3-таблицада майыптыгы бар адамдар менен ден соолугундагы өзгөчөлүктөрүнүн түрүнө жараша сүйлөшүүнүн айрым өзгөчөлүктөрү келтирилген.

**3-таблица. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан майыптыгы бар адамдар менен өз ара аракеттенишүүнүн өзгөчөлүктөрү**

| *Бузулуунун түрү* | *Ылайыктуу суроолор/жооптор* |
|---|---|
| **Таяныч кыймыл аппаратынын мүмкүнчүлүктөрү чектелген учурда** | • Сүйлөшүп жаткан учурда майыптыгы бар адам менен бирдей деңгээлде олтургула, мисалы, коляскадагы адамды башын нары-бери бурдуруп убара кылбоо үчүн жанына үстөл коюп олтургула.<br>• Уруксаты жок балдактарды, таяктарды, ичке таяктарды же майыптар үчүн креслону нары-бери жылдырбагыла.<br>• Майыптар үчүн араба (коляска) – бул адамдын кол тийбес жеке чектеринин бир бөлүгү. Арабага (коляскага) жөлөнбөгүлө.  Арабаны  нары-бери жылдырууга жардам берүүдөн мурун, жардам керекпи деп сунуш кылуу зарыл. |
| **Угууга тиешелүү көйгөйлөр** | • Өзүңөрдүн райондогу сурдокотормочулардын тизмеси бар болсун.<br>• Угуусу начар адамга ыңгайлуу болгондой жайгашуу зарыл, мисалы, жеке угууну күчтөндүргүчү каражат тарабынан.<br>• Сүйлөшүүнүн башында кызмат көрсөтүүлөрдүн угуусу начар колдонуучусу силерге көңүл буруп жатабы карап көңүл буруп койгула.<br>• Эгер кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу силердин жүзүңөр тарапты карабаса, өтө кылдаттык менен анын ийинине колуңарды койгула. |

| | |
|---|---|
| | • Кыйкырбагыла жана үнүңөрдү бийик чыгарбагыла. Кызмат көрсөтүүнү колдонуучусуна түз карагыла жана оозуңарды колуңар менен жаппагыла. Силерди түшүнүп жатабы көңүл буруп койгула.<br>• Адам үчүн ыңгайлуу сүйлөшүүнүн жолун болушунча тезирээк аныктагыла жана белгилегиле.<br>• Кыска жана жөнөкөй фразаларды колдонгула, сүйлөп жатканда атайын терминдерди жана сүйлөмдөрдөгү татаал конструкцияларды колдонбогула.<br>• Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу эриндериңер аркылуу окуй алгыдай кылып, жай жана так сүйлөңүз.<br>• Сурдокотормочуну чакырууга мүмкүнчүлүгүңөр бар болсун. |
| **Көрүүгө тиешелүү көйгөйлөр** | • Көзү азиз адамга сөзсүз түрдө өзүңөрдүн аты-жөнүңөрдү айтууңар зарыл жана сүйлөшүүгө катыша турган башка адамдарды, ошондой эле ал жерде турган башка адамдарды дагы тааныштыруу керек (зарылчылык бар болсо, бир гана аттарын атап койбостон, алардын иштеген кызматтарын дагы айтуу зарыл).<br>• Көзү азиз адамга олтурууну сунуштаганда, аны колунан кармап, олтургучтун жөлөнгүчүнө же чыканагынан жөлөп олтурууга жардам берүү зарыл.<br>• Сүйлөшүп жатканда коштоп келген адамга эмес, кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун өзүнө карап кайрылгыла. Эгер сүйлөшүүгө бир нече адам катышып жатса, азыр кимге кайрылып жатканыңарды улам тактап турганды жана өзүңөрдүн атыңарды атап турганды унутпагыла.<br>• Эскертүүсүз адамга жакындабагыла.<br>• Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу сизди таптакыр көргөн жок деп ойлобоңуз.<br>• Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусунун таягын же нары-бери жүрүүнүн башка каражатын алып салбагыла.<br>• Зарыл маалыматты даярдап койгула, мисалы чоң тамгалар менен басылып чыгарылган, аудиоформаттагы же Брайля форматындагы укуктар жана жардам берүү кызматтары жөнүндө маалыматтарды.<br>• Зарылчылык бар болсо, көзү азиз адамга бир нерсени окуп берүү, нормалдуу үн менен сүйлөө жана маалыматты коё бербөө зарыл. |

| | |
|---|---|
| **Сүйлөөгө тиешелүү көйгөйлөр** | • Эгер адамда сүйлөөгө байланыштуу көйгөйлөр бар болсо, бул анын угуусунда дагы көйгөйлөр бар дегенди түшүндүрбөйт.<br>• Сүйлөөдө кыйынчылыктарды сезген адамдын сөзүн бөлбөө жана оңдобоо керек.<br>• Шаштырбагыла, адамга өзүнүн көйгөйүн түшүндүрүү үчүн канча убакыт зарыл болсо, ошончо убакыт бергиле.<br>• Ал өз оюн толук айтып бүткөндөн кийин гана сүйлөп баштагыла.<br>• Эгер силер бир нерсени түшүнбөй калсаңар, ал адамдан кайра кайталап коюусун сурангыла.<br>• Суроолорду кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу «ооба» же «жок» деп жооп бере тургандай кылып түзгүлө.<br>• Тилдик коммуникацияда олуттуу тоскоолдуктар бар болсо, маалымат алмашуунун альтернативдүү жолун кылдаттык менен сунуштагыла, мисалы, жазышууну. |
| **Интеллектуалдык мүчүлүштүктөр** | • Когнитивдик (интеллектуалдык) мүчүлүштүктөрү бар адам менен өз ара аракеттенишүүдө визуалдык байланышууну колдонуу аркылуу анын жүзүнө кароо зарыл. Муну менен катар эгерде ага жагымсыз болуп жатса, көзмө көз байланышууну сактоону сурануу сунушталбайт.<br>• Интеллектуалдык мүчүлүштүктөрү бар адамдын катышуусундагы сүйлөшүүдө ал жөнүндө үчүнчү тарапка эч нерсе деп айтууга, анын ичинде ал башка адамдардын ортосундагы сүйлөшүүнү түшүнбөгөндүгү жөнүндө эскертүүгө жол берилбейт.<br>• Жөнөкөй сөздөрдү жана кыска сүйлөмдөрдү колдонгула.<br>• Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусу жеңил түшүнүүсүнө жардам берүү үчүн, сүйлөшүүнүн ар түрдүү куралдарын колдонуу менен маанилүү маалыматты жана нускамаларды кайталагыла (мисалы, анатомиялык моделдерди же куурчактарды);<br>• Эсиңерден чыгарбагыла, интеллектуалдык өнүгүүсүндө мүчүлүштүктөрү бар, бирок кыймыл-аракетинин жөндөмдүүлүгү сакталган адамдар өздөрү аң-сезимдүү тандоо жасоого укуктуу: жардамды кабыл алуу керекпи же жокпу, кандайдыр бир кызмат көрсөтүүдөн колдонууга макулдук берүү керекпи, башка чечимдерди кабыл алууда, ошондой эле зарыл документтерге кол коюуда.<br>• Кызмат көрсөтүүнүн колдонуучусуна кошумча суроолор пайда болуп калган учурда байланышуу үчүн телефон номурду таштагыла же кызмат көрсөтүүнүн жеткирүүчүсүнө кайрадан кайрылуунун жолун айтып койгула. |

| | |
|---|---|
| | • Чыдамкайлыкты, кылдаттыкты, сүйлөшүп жаткан адамга кылдат мамиле кылып жатканыңарды көрсөтүүңөр керек, бардык зарыл темаларды талкуулап, жана дагы билип туруп анын мүмкүнчүлүктөрүн же кадыр-баркын төмөндөтүүгө аракет кылбагыла, бой көтөрүп сүйлөбөгүлө, сөздү кесе сүйлөгөнгө негиз бар болсо дагы буга жол бербегиле. |

4-таблицада майыптыгы бар адамдар менен сүйлөшүүнү жакшыртууга жардам бере турган түздөөчү терминдер келтирилген.

**4-таблица. Майыптыгы бар адамдарга карата түздөөчү терминдерди колдонуу**

| **Туура эмес термин** | **Туура термин** |
|---|---|
| Майып | майыптыгы бар эркек адам;<br>майыптыгы бар аял;<br>майыптыгы бар адамдар. |
| БЦШ (ДЦП) менен ооруган адам;<br>БЦШ (ДЦП) менен азаптанган адам | БЦШ (ДЦП) бар адам. |
| Даун;<br>Даун оорусу менен ооруган | Даун синдрому менен жашаган адам;<br>Даун синдрому бар адам;<br>өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү бар адам. |
| Дүлөй-дудуктар | Дүлөй-дудуктар |
| Арабада (коляскада) олтургандар | Араба (коляска) колдонуучулар;<br>арабадагы адам. |

## Басмырлоонун жана зомбулуктун кайчылаш формаларына кабылган аялдар менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү

Көп түрдүү басмырлоо — бул бир адамды дароо бир нече белгилер боюнча басмырлоо.

Биздин ар бирибиз жыныстык айырмачылыкка, сексуалдык багытка, жаш куракка, улутубузга ж. б. ээбиз, жеке адам катары биздеги кайсы бир аспект башкаларга караганда сөзсүз түрдө көбүрөөк маанилүү болбошу керек. Мына ушинтип дагы жеке адамдагы өзгөчөлүктөрдүн бирөө же булардын комбинациясынын бирөө басмырлоонун себеби болуп калышы мүмкүн. Адам ар түрдүү белгилери боюнча өзүнчө бир басмырлоочу аракеттердин обьектиси болуп калуусу мүмкүн, ал болсо ага карата жагымсыз мамилелерди татаалдаштырат. Көп түрдүү басмырлоонун бул аспектиси курамдуу, чогулган же кошумча басмырлоо деп дагы аталат. «Кайчылаш басмырлоо» термини эки же андан көп белгилер үзгүлтүксүз түрдө басмырлоо үчүн негиз катары кызмат кылган кырдаалды сүрөттөө үчүн кеңири колдонулат. Кайчылаш ыкма адистердин басмырлоонун мурдатан белгилүү болуп калган жаңы аспектилерин аныктоосуна гана шарт түзбөстөн, ошондой эле башка жагдайларда көрүнбөй, байкалбай калган басмырлоонун типтерин дагы ачат.

Айрым адамдар жана адамдардын тобу өзгөчө аярлуу болуп саналышат, жана аларга карата акыйкатсыздык же кошумча зыян келтирилип калуусу мүмкүн болгон коркунучтар жогору. Ар бир адам өзүнүн жашоосунун кайсы бир мезгилинде аярлуу же маргиналдашкан[14] абалда болуп калуусу мүмкүн. Төмөнкү адамдар көпчүлүк учурда ушундай абалда калышат:

- ата-энесинин көзөмөлүсүз калган балдар/балдар үйлөрүндө жашаган балдар;
- кош бойлуу аялдар;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн үзгүлтүксүз түрдө талап кылган өнөкөт оорулар менен ооруган адамдар, анын ичинде айыккыс/психикалык оорулар менен ооруган адамдар;
- майыптыгы бар адамдар;
- зомбулукка же басмырлоого кабылуу коркунучу чоң адамдар же болбосо аларга дайыма кабылган адамдар (мисалы, өздөрүнүн гендердик тиешелүүлүгүнүн негизинде зомбулукка кабылган жана/же жыныстык өнөктөшү тарабынан жасалуучу зомбулукка, ЛГБТ өкүлдөрү+[15], азчылыктар);
- эркиндигинен ажыратуу жайларынан бошонуп чыккандар/соттолгондор;
- качкындар, мигранттар, карылар үйлөрүндөгү адамдар.

Аярлуу жана маргиналдашкан топторго тиешелүү аялдарда жана кыздарда гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуу коркунучу көбүрөөк жогору. Муну менен катар эле аярлуу топтордогу аялдар бир эле убакта зомбулуктун бир нече түрлөрүнө кабылуулары мүмкүн (зомбулуктун кайчылаш формалары). Өзгөчө зомбулуктун кайчылаш формаларына аялдардын төмөнкү топтору кабылышат: азчылыктарга тиешелүү аялдар; качкындар-аялдар; жашоого каражаттары жок

[14] Маргинализация —адамдын кандайдыр бир социалдык топтордун ортосундагы «чектелүүлүгүн», аралыгын түшүндүргөн социологиялык көрүнүш, түшүнүк.

[15] Белги + иденттүүлүктөрдүн тизмеси чектелбей тургандыгын түшүндүрөт.

аялдар; ар түрдүү мекемелерде кармалган же эркиндигинен ажыратылган аялдар; майыптыгы бар аялдар; баңги заттарын колдонгон аялдар, улгайган аялдар жана алыскы райондордо жашашкан аялдар.

Мисалы, гендердик аспектилер жана майыптуулугу менен кайчылаш келип, жуурулушуп калуусуна негизделген стереотиптерден улам, майыптуулугу бар аялдар зомбулук жөнүндө даттануу өткөрүүдө ишенбөөчүлүк жана даттанууну милиция, прокурорлор жана соттор тарабынан четке кагуусу сыяктуу тоскоолдуктарга кабылуулары мүмкүн.

5-таблицада ЛГБТ+ өкүлдөрү менен сүйлөшүүнү жакшыртууга жардам бере турган туура терминдер келтирилген.

**5-таблица. ЛГБТ+ карата туура терминдерди колдонуу**

| Туура эмес термин | Комментарий | Туура термин |
|---|---|---|
| АИВ (ВИЧ) менен оorугандар;<br>ЖИКС (СПИД) жугузуп алгандар; | АИВ (ВИЧ) – бул адамдын иммундук жетишсиздиги вирусу, ЖИКС (СПИД) – жуктурулган иммуну кем синдрому, ВИЧтин акыркы стадиясы. | АИВ (ВИЧ) – макамы позитивдүү адам;<br>АИВ (ВИЧ) менен жашаган адамдар |
| Салттык эмес багыттагы адамдар | Бул билдирүү салттык («нормалдуу») жана нормалдуу эмес сексуалдуулук бар дегенди болжолдойт, бул чындыкка дал келбейт. | Гомосексуалдык адамдар/ гейлер/бисексуалдык адамдар/ бисексуалдар(аялдар)/ лесбиянкалар/квир-адамдар |
| Секс-азчылыктар | Бул сөз айкашы дагы колдон келсе колдонбоону талап кылат, себеби ал лесбиянкалардын, гейлердин жана бисексуалдардын сексуалдуулугуна басым жасайт, ошол эле учурда аларды басмырлоо жана укуктук коргонуунун жоктугу көйгөйү көтөрүлүүдө. | Гомосексуалдык адамдар/ гейлер/бисексуалдык адамдар/ бисексуалдар(аялдар)/ лесбиянкалар/квир-адамдар |

| | | |
|---|---|---|
| Гомосексуализм / гомосексуалисттер | Алгач термин ооруну атоо үчүн киргизилген. Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму 1990-жылы гомосексуализмди оорулардын тизмесинен чыгарган. | Гомосексуалдуулук/гейлер/ гомосексуалдар/ гомосексуалдык адамдар |
| Аялга айланган эркек/ эркекке айланган аял | Биз адамдын анын (аялдын/ эркектин) гендердик сезимдеринин актуалдуулугуна карап айтабыз. Эгер адам өзүнүн гендерин эркек экендигин тааныса, түшүндүрсө, ал жөнүндө аял катары сүйлөө туура эмес. | Трансгендер аял/ трансгендер эркек/ |
| Жынысын алмаштыруу | Трансгендер адамдар жынысын алмаштырышпайт, алар өздөрүнүн тиешелүү гендердик репрезентациясына жетишүүгө жардам берген аныкталган бир аракеттерди жасашат. | |

## 4.5 Багыттоо

Белгилей кетүүчү нерсе, багыттоого тиешелүү эл аралык жетектөөчү принциптерге ылайык, базалык кызмат көрсөтүүлөр боюнча бардык кызматтарда (социалдык өнүктүрүү органдары дагы, ошондой эле мисалы, укук тартиби органдары, саламаттыкты сактоо органдары ж.б.) идеалдуулукта багыттоо процедуралары боюнча протоколдор жана макулдашуулар бар болушу керек. Багыттоо боюнча маалыматтарды алмашуу бардык ведомстволордун кызматкерлери үчүн бирдей типте жана белгилүү болушу керек, маалыматтын өзү болсо, аялдарга жана кыздарга талапка ылайык деңгээлде жеткирилиши зарыл. Бардык кызматтарда багыттоо процессин координациялоо жана натыйжалуулугун көзөмөлдөө механизмдери бар болушу зарыл. Зарылчылык пайда болгон учурда жана негиз бар болсо адистештирилген балдар кызматтарына багыттама берилиши керек.

**Социалдык жардам көрсөтүү үчүн негиздер.** Социалдык жардам көрсөтүү үчүн негиздер «Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн

негиздери жөнүндө» Мыйзамда бекитилген.[16] Анда «Материалдык жардам аткаруу бийлигинин органдары жана социалдык жактан тейлөөнүн мамлекеттик эмес уюмдары тарабынан жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган жарандарга акчалай каражаттар, тамак-аш азыктары, кийим-кече, бут кийим жана күндөлүк керектеле турган башка нерселер, отун, ошондой эле атайын транспорт каражаттары, бирөөнүн багуусуна муктаж болгон ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды жана адамдарды реабилитациялоонун техникалык каражаттары түрүндө берилет» деп көрсөтүлгөн.

Жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына бул мыйзамда  мындайча аныктама берилген «жарандын жашоо турмушун обьективдүү түрдө бузган, андан өз алдынча чыгууга мүмкүн болбогон кырдаал (майыптык, жашы улгайганына же оорусуна, жетимдигине, көзөмөлсүз калгандыгына, аз камсыз болгондугуна, жумушсуздугуна, белгилүү бир жашаган жеринин жоктугуна, чыр-чатактарга жана үй-бүлөдөгү катаал мамилеге, үй-бүлөлүк зомбулукка, жалгыздыкка кабылган жана башка ушул сыяктуу)».

Ошондой эле, бул мыйзамдагы социалдык жактан тейлөөгө укуктуу адамдардын арасында «үй-бүлөдөгү катаал мамилеге жана зомбулукка учураган (баштан кечирген) балдар» дагы бар.

Жардам көрсөтүүдө, эл аралык стандарттарга ылайык көрсөтүлө турган кызматтарга макулдук алуу зарыл. Эгер жабыр тарткан адамдар окуганды жана жазганды билишсе,  макулдук жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызды окуп чыгуулары зарыл жана андан кийин оозеки макулдук алынышы керек ( ал эми бул фактыны  тиешелүү форманы  толтуруп  жаткан учурда белгиленет).

## 4.6 Отчеттуулук

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүү боюнча отчеттуулукту калыптандыруу СОПтун ажыратылгыс компоненти болуп эсептелет.  Нускамада «ЭСӨБ  4-тиркемеге ылайык форма боюнча үй-бүлөлүк зомбулуктун кабыл алынган/аныкталган фактылары жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга социалдык жардам көрсөтүү боюнча ведомстволук отчетун ай сайын жүргүзөт жана    кийинки айдын 10 күнүнө чейин Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине жиберет» деп бекитилген.

[16] «Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө» Мыйзам, 19-декабрь, 2001-жыл. №111 - http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/943?cl=ru-ru

## 4.7 Баалоо жана тобокелчиликтерди башкаруу

Жетектөөчү жоболор кызматтарды көрсөтүүдө, зомбулукка жооп берүүчү чараларды көрүү үчүн атайын иштелип чыккан тобокелчиликтерди баалоо жана тобокелчиликтерди башкаруу куралдарын колдонууну сунуш кылат. Ар бир аял жана кыз боюнча жеке тобокелчиликтерге үзгүлтүксүз түрдө бирдиктүү баалоо жүргүзүүнү ишке ашыруу зарыл. Аялдар жана кыздар алардын өздөрүнүн күчтүү тараптарын эске алган жана тобокелчиликтерди башкаруу стратегиясын камтуу менен иштелип чыккан жекече планды алуулары керек. Социалдык өнүктүрүү органдары тобокелчиликтерди баалоо жана тобокелчиликтерди башкаруу ыкмаларын координациялоо максатында башка мекемелер менен, анын ичинде саламаттыкты сактоо чөйрөсү жана сот адилеттиги системасы менен иштөөлөрү керек.

## 4.8 Координациялоо жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүү

Координациялоо жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүү Стандарттык операциялык процедуралардын чечүүчү компоненти болуп эсептелет. Аларсыз зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга комплекстүү жардам көрсөтүү мүмкүн эмес (укуктук, медициналык, психологиялык, социалдык ж.б.), аларга адатта үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар муктаж болушат.

Координациялоо жана өз ара аракеттенишүү чөйрөсүндөгү жетектөөчү жоболор саясатты жана мыйзамдарды иштеп чыгууну, мониторинг жүргүзүүнү жана баалоону, ошондой эле зарыл ресурстарды түшүндүрөт. Саясат жана мыйзамдар жөнүндө сүйлөй турган болсок, белгилей кетчү нерсе Кыргыз Республикасында бул багытта максаттуу жана ырааттуу мамлекеттик саясат жүргүзүлүп жатат, өзгөчө мыйзамдарды кабыл алуу жана программалык документтерди иштеп чыгуу бөлүгүндө жүргүзүлүүдө.
Жогоруда белгиленип кеткендей, Мыйзамда ар түрдүү аткаруу субьекттери аныкталган (баары 17 субьекти). Бул Мыйзам үчүн маанилүү инновациялык ченем, анын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субьекттердин ишмердүүлүктөрүн координациялоо боюнча Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктагандыгы болду. Мындай орган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими боюнча ЭСӨМ болуп эсептелет. Мыйзамга ылайык, бул орган:

1. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча ушул Мыйзамда аныкталган башка субъекттердин ишин координациялайт жана алар менен өз ара аракеттенет;
2. үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды чогултууну, жалпылоону жана талдоону жүзөгө ашырат, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча

чараларды тутумунун натыйжалуулугуна баа берүүнү жүргүзөт жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет;
3. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге усулдук, маалыматтык, консультациялык жана башка уюштуруу жардамдарын көрсөтөт;
4. үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар менен иштөө боюнча оңдоп-түзөөчү программаларды иштеп чыгууну координациялайт;
5. үй-бүлөнүн көз карандысыздыгынын тиешелүү мыйзамдарда аныкталган кепилдиктерин эске алуу менен, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин ишине мониторингди жүзөгө ашырат жана бул чөйрөдө алардын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды жөнөтөт;
6. үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча илимий жана башка изилдөөлөрдү жүргүзүүнү уюштурат;
7. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча маалыматтык жана агартуучулук иштерди жүзөгө ашырат;
8. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарына жана электрондук басылмаларга маалымат берет;
9. ар жыл сайын ушул Мыйзамдын аткарылышы жөнүндө отчётторду түзөт жана жарыялайт;
10. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө маалыматтарга жетүүнү, анын ичинде өзүнүн сайтына жайгаштыруу жолу менен жетүүнү камсыз кылат;
11. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге бюджеттен тышкары каражаттарды тартууга жана эл аралык уюмдар, юридикалык жана жеке жана юридикалык жактар менен кызматташууну өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт;
12. өз компетенциясынын чектеринде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча башка иштерди жүзөгө ашырат.

Социалдык өнүктүрүү, балдарды коргоо боюнча органдардын Ички иштер органдары менен өз ара аракеттенишүүсүнүн өзгөчө тартиби, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2019-жылдын 25-октябрындагы №133 жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2019-жылдын 25-октябрындагы №917 биргелешкен буйруктары аркылуу бекитилген социалдык өнүктүрүү, балдарды коргоо боюнча органдардын Ички иштер органдары менен үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенишүүсүнүн тартиби жөнүндө Нускамада аныкталган. Нускамада министрликтердин аппараттарынын өз ара аракеттенишүүлөрү, социалдык өнүктүрүүнүн жана ички иштер органдарынын аймактык бөлүнүштөрүнүн өз ара аракеттенишүүлөрү караштырылган, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга маалымат берүүнүн жана оңдоп-түзөөчү программалардан өтүүгө жиберүүнүн тартиби аныкталган.

Мыйзам менен катар эле,  координациялоо жана өз ара аракеттенишүү суроолоруна Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 22-августундагы № 418 «Өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда аялдар менен балдарга карата зомбулук опурталын азайтуу боюнча мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле башка уюмдардын жана жарандардын өз ара биргелешип аракеттенүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Токтому багытталган (мындан нары – Токтом).[17] Анда «Өз ара аракеттенишүүчү органдардын субъектилери өзгөчө жана кризистик кырдаалдардын алдын алуу этаптарында иштелип чыккан ведомстволук, ведомстволор аралык актылардын (буйруктар, нускамалар, пландар) негизинде балдарга жана аялдарга карата зомбулуктун опурталдарын азайтуу боюнча өз ара аракеттенүүнү уюштурат. Ведомстволук жана ведомстволор аралык актыларда гендерлик зомбулукту болтурбоо, бөгөт коюуга жана чара көрүү боюнча тапшырмаларды биргелешип аткаруу мезгилинде өз ара аракеттенүүнүн максаты, формасы жана тартиби аныкталат. Гендердик зомбулукту болтурбоо, бөгөт коюу жана чара көрүү боюнча өз ара аракеттенүүчү органдардын субъектилеринин өз ара аракеттенүүсү республикалык, облустук жана райондук деңгээлдерде ишке ашырылат” деп айтылат.

Эл аралык жетектөөчү жоболор мына ушундай, алар адаптацияланган түрүндө социалдык өнүктүрүү органдары жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүүдө сакталышы мүмкүн жана сакталат.

## 4.9 Өзүн өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен өз ара аракеттенишүүдө базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги элементтерине карата кайсы жетектөөчү жоболор сакталышы керек?
2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүү чөйрөсүндөгү стандарттык операциондук процедуралар кайсылар?
3. Зомбулуктан жабыр тарткан балдарга жардам көрсөтүүнүн өзгөчөлүктөрү кайсылар?
4. Майыптыгы бар адамдар менен өз ара аракеттенишүүнүн өзгөчөлүктөрү кайсылар?
5. «Зомбулуктун кайчылаш формалары» термини дегенди кандай түшүнөбүз?
6. Аялдардын жана балдардын кайсы топтору аярлуу топторго кирет?
7. Зомбулуктун кайчылаш формаларына кабылган аялдар менен өз ара аракеттенишүүнүн өзгөчөлүктөрү кайсылар?
8. Социалдык өнүктүрүү органдары жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органы тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык жардам көрсөтүүнүн ченемдик-укуктук актыларда караштырылган тартиби кандай?

[17] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 22-августундагы № 418 «Өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда аялдар менен балдарга карата зомбулук опурталын азайтуу боюнча мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле башка уюмдардын жана жарандардын өз ара биргелешип аракеттенүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Токтому - http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/157028?cl=ru-ru

# Адабияттардын тизмеси


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 11-декабрь, 2016-жыл.

2. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси, 10-июль, 2012-жыл, № 100.

3. Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы, 27-апрель, 2017-жыл, № 63.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы № 390 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо тартиби жөнүндө» Токтому.

5. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2019-жылдын 25-октябрындагы № 133 жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2019-жылдын 25-октябрындагы № 917 Биргелешкен буйругу.

6. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдаргасоциалдык жардам көрсөтүү жөнүндө Нускама Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2020-жылдын 16-декабрындагы № 142 буйругу менен бекитилген.

7. Зомбулуктан жабыр тарткан аялдар жана кыздар үчүн базалык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтому https://eeca.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/%D0%9C%D0%BE%D0%B4%D1%83%D0%BB%D1%8C_Total.pdf

8. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата зомбулук — Violence against people with disabilities. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата зомбулук — https://ru.qaz.wiki/wiki/Violence_against_people_with_disabilities

9. Майыптыгы бар адамдар менен өз ара аракеттенишүүнүн эрежелери. Түзүүчү Карен Мейер, АКШнын Жеткиликтүүлүктүн Улуттук Борбору, https://nokkii.ru/download/socio_psychological_service/ethics_of_communication_01.pdf

